МАКУЛДАШЫЛДЫ
ОшМУнун кесиптик бирликтин
төрагасы____________________
А.Э. Саттаров

БЕКИТЕМИН
ОшМУнун ректору,
проф. К.Г. Кожобеков_______
2024-ж. “____” ___________

**ОКУТУУНУН САПАТЫ ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДОО БӨЛҮМҮ**

# СТУДЕНТТИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**Ош, 2024**

## ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | Студенттин өз алдынча иши жөнүндө |
| Документтин теги | ОшМУнун сапатты камсыздоо саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилгендиги жөнүндө маалымат | |
| Документтин шифри | |
| Документтин кыскача аннотациясы | Жобо Ош мамлекеттик университетинде студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруунун максат-милдеттерин жана тартибин аныктайт. Жобо университеттин сапатты камсыздоо системасынын документи болуп эсептелет. |

## ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ


| | |
|---|---|
| Титулдук барак | 1 |
| Ченемдик документтердин паспорту | 2 |
| Шарттуу кыскартуулар | 2 |
| 1. Жалпы жоболор | 3 |
| 2. Студенттин өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун максаттары жана милдеттери | 3 |
| 3. Студенттердин өз алдынча иштеринин түрлөрү жана формалары | 4 |
| 4. Студенттин өз алдынча иштерин уюштуруу | 4 |
| 5. Студенттерди окуу-методикалык жактан камсыздоо | 4 |
| 6. Студенттердин өз алдынча иштеринин натыйжаларын текшерүү жана баалоо | 7 |
| 7. Корутунду жоболор | 9 |
| 8. 1-тиркеме. Студенттердин өз алдынча иштерине бөлүнүүчү жумуш убактысынын көлөмү | 10 |
| 9. 2-тиркеме. СӨАИни уюштуруунун графиги | 12 |
| 10. 3-тиркеме. СӨАИни уюштуруунун макети | 12 |


## ШАРТТУУ КЫСКАРТУУЛАР

| | |
|---|---|
| ОшМУ – | Ош мамлекеттик университети |
| ОМК – | окуу-методикалык кеңеш |
| ОСМКБ – | окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмү |
| ПЦК – | предметтик циклдык комиссия |
| ОК – | Окумуштуулар кеңеши |
| КР – | Кыргыз Республикасы |
| СӨАИ – | студенттин өз алдынча иши |
| НББП – | негизги билим берүү программасы |

# 1. Жалпы жоболор

1.1. Жобо төмөнкү укуктук ченемдик документтерге ылайык иштелип чыкты:
- КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 1.02 №537/1 буйругу.
- Университеттин Уставы. 2023-жылдын 16.02. №556/1 буйругу менен бекитилген.
- Ош мамлекеттик университетинин академиялык саясаты.
- Ош мамлекеттик университетининакадемиялык саясаты “ОшМУда окуу процессин уюштуруу” жөнүндө жобоА-2024-0001, 2024.01.03.2024
- “Ошмамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамы аткарган окуу жүктөмдөрүнүн көлөмүн пландаштыруу жана эсепке алуу убакыт ченемдерижөнүндө” жобо.

1.2. Бул жобо университетте студенттин өз алдынча иши (мындан ары – СӨАИ) жана студенттинокутуучунун катышуусу менен өз алдынча ишин уюштуруу жана анын окуу материалдары менен өз алдынча иштөөсүнүн максаттарын, мөөнөттөрүн, иштөө ыкмаларын жана баалоо критерийлерин аныктайт.

1.3. Өз алдынча иш бул студенттердин сабакта жана сабактан тышкаркы убакта окутуучунун усулдук жетекчилиги жанаанын түздөн-түз катышуусуз аткарыла турган окуу-тарбиялык, илимий-изилдөө иштери болуп эсептелет жана студенттердиналган билимдерин максаттуу пайдалануу көндүмдөрүн өнүктүрөт.

1.4. Студенттердин өз алдынча ишижана алардын окутуучунун катышуусу менен өз алдынча иштөөсү окуу процессин уюштуруунун формаларынын бири болуп,аны ийгиликтүү ишке ашыруу институттар, факультеттер, кафедралар, ПЦКлар жана окутуучулар тарабынан пландаштырылат жана көзөмөлдөнөт.

1.5. СӨАИнин жана окутуучунун катышуусу менен өз алдынча иштөөсүнүн жалпы көлөмү жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн даярдоо багыттары (адистиктери) боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде аныкталат.

1.6. СӨАИнин жана окутуучунун катышуусу менен өз алдынча иштөөсүнүнсааттык көлөмү ар бир дисциплина боюнча негизги билим берүү программаларынын (мындан ары – НББП) негизинде түзүлгөнокуупландарында жана дисциплиналардынокутуу программаларында көрсөтүлөт.

1.7. СӨАИнин жана окутуучунун катышуусу менен өз алдынча иштөөсүнүн түрлөрү мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптары, окуу дисциплинанын мазмуну, студенттердин даярдыгынын деңгээли менен аныкталат жана окуудисциплинасынын окуу-методикалык документациясын иштеп чыгууда кафедра башчысы тарабынан бекитилет.

# 2. Студенттин окутуучунун катышуусу менен өз алдынча иштөөсүн жана ӨАИни уюштуруунун максаттары жана милдеттери

2.1.СӨАИ жана окутуучунун катышуусу менен өз алдынча иштөө белгилүү бир чөйрөдө ийгиликтүү ишмердүүлүк алып баруу үчүн билимдерди, көндүмдөрдү жана жеке сапаттарды колдонуу жөндөмү катары социо-маданий, жалпы кесиптик жана кесиптик компетенцияларды калыптандыруу максатында жүзөгө ашырылат.

2.2.Ченемдик, укуктук, маалымдама жана атайын адабияттарды, ошондой эле башка маалымат булактарын изилдөө жана колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрөт.

2.3. Алынган теориялык билимдерди сапаттуу өнүктүрүү жана системалаштыруу, аны тереңдетүү жана дисциплиналар аралык байланышын тийиштүү деңгээлде колдонууну кеңейтет.

2.3. Алган билимдерин практикада (кесиптик ишмердүүлүктө) колдонуу жөндөмүн өнүктүрөт жана студенттердин практикалык көндүмдөрүн калыптандырат.

2.4.Студенттердин когнитивдик жөндөмүн, өз алдынча ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт,сүйлөө жөндөмдүүлүгүн өстүрөт.

2.5.Студенттердин активдүүлүгүн, чыгармачылык демилгесин, өз алдынчалыгын, жоопкерчилигин жана уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүн жогорулатат.

2.6.Өзүн-өзү өнүктүрүү жөндөмдөрүн калыптандырат (өзүн-өзү таануу, өз алдынча аныктоо, өзүн-өзү тарбиялоо, өзүн-өзү өркүндөтүү, өзүн-өзү реализациялоо, өзүн-өзү жөнгө салуу).

2.7.Илимий изилдөө көндүмдөрүн жана инсандар аралык байланыш көндүмдөрүн өнүктүрөт.

2.8.Убакытты эффективдүү башкарууну жана уюштурууну үйрөнөт.

2.9.Өзүн-өзү объективдүү баалоону жана өзүнүн окуу процессин рефлексиялоону үйрөнөт.

2.10. Жумушчу көндүмдөрдү жана жоопкерчиликтүү мамилени калыптандырат.

2.11. Студенттин критикалык ой толгоосу, чечим кабыл алуусу жана креативдүүой жүгүртүүсүаркылуу ойлонуу көндүмдөрүн өнүктүрөт.

## 3. Студенттердин окутуучунун катышуусу менен өз алдынча иштеринин жана ӨАИнин түрлөрү жана формалары

3.1. Окутуучулардын көзөмөлүндө аткарылуучу СӨАИаудиториялык жана аудиториядан тышкаркы болуп бөлүнөт.

3.2. Студенттердин окутуучулардын көзөмөлүндө аткарылуучу өз алдынча иштери жана ӨАИнин түрлөрү болуп төмөнкүлөр саналат:

• семинарларда, практикалык жана лабораториялык сабактарда өз алдынча тапшырмаларды аткаруу;

• аудиториялык сабактарга даярдануу жана ар кандай типтеги жана деңгээлдик тапшырмаларды аткаруу;

• проблемалуу лекцияларга, талкуу суроолоруна, коллоквиумдарга, тегерек столдорго, ролдук оюндарга жана башкаларга даярдык көрүү;

• окуу жана тематикалык пландарга ылайык окуу дисциплиналарынын айрым темаларын (маселелерин) үйрөнүү, конспекттерди түзүү;

• хронологиялык таблицаларды, логикалык жана структуралык схемаларды ж.б. түзүү;

• жеке тапшырмаларды аткаруу (баяндамаларды, маалыматтарды, рефераттарды, эсселерди, презентацияларды, библиографияларды, резюмелерди, глоссарийлерди ж.б. даярдоо);

• долбоорлоо тапшырмаларын ишке ашыруу (долбоорлорду, моделдерди, программаларды, макеттерди ж.б. иштеп чыгуу);

• изилдөө иштерин жүргүзүү;

• мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга, мамлекеттик экзамендерге даярдануу, бүтүрүү квалификациялык дипломдук(магистрдик) иштерге даярдануу;

• илимий, илимий-практикалык конференцияларга жана семинарларга катышууга даярдануу;

• ийримдерге жана атайын семинарларга катышууга даярдык көрүү;

• өз алдынча практиканын түрлөрү (адаптациялык, кесиптик-базалык, кесиптик-профилдик жана окуу-таанышуу, өндүрүштүк, квалификация алдындагы) боюнча өтүү жана алар тарабынан каралган тапшырмаларды аткаруу, практиканын жыйынтыгы боюнча отчетторду түзүү;

• университет, факультет, кафедра, ПЦК тарабынан уюштурулган жана аткарылуучу башка иштердин түрлөрүн аткаруу.

## 4. Студенттердин окутуучунун катышуусу менен өз алдынча иштөөсүнжана ӨАИлерди уюштуруу

4.1. Өз алдынча иштөөнү уюштуруу ар бир студент тарабынан бардык пландуу тапшырмаларды өз убагында жана талапка ылайык сапаттын деңгээлиндеаткарууга багытталууга тийиш, бул өзүн өзү тарбиялоону жана өзүн өзү башкара билүү көндүмдөрүн калыптандыруунун зарыл шарты болуп саналат.
4.2. Өз алдынча иштөөнү уюштуруунун методикасы окуу дисциплинанын структурасына, мүнөзүнө жана өзгөчөлүктөрүнө, аны изилдөөгө кеткен(бөлүнгөн саат эсебине) сааттардын көлөмүнө, тапшырмалардын түрүнө жана окуу процессинин шарттарына жараша болот.
4.3. СӨАИни уюштуруунун негизги принциптери төмөнкүлөр:
• репродуктивдүү (машыктыруучу) - теориялык билимди бекемдөө, көндүмдөрдү өнүктүрүү максатында көрсөтүлгөнүлгүдө тапшырмаларды аткаруу (окуу, көрүп түшүнүү, конспект жазуу, угуу, эстеп калуу, жаттоо, кайра айтып берүү; өзүн өзү текшерүү үчүн суроолорго жооп берүү; окуу материалын кайталоо, типтүү маселелерди чечүү жана түзүү ж.б.);
• продуктивдүү (изилдөө-аналитикалык жана практикалык) – маалыматты милдеттүү түрдө трансформациялоо менен тапшырмаларды аткаруу – аудиториялык сабактарга, иштиктүү оюндарга жана тематикалык талкууларга даярдануу; семинарларда жана практикалык сабактардабаяндама даярдап, чыгып сүйлөөгө; адабияттардыиргөө (талдоо жүргүзүү); текшерүү иштерин аткаруу; план, конспект, аннотацияларды түзүү, көнүгүүлөрдү аткаруу, схемалар/сүрөттөр,эсептөө/графикалык иштерди аткаруу, кырдаалдык, практикалык/профессионалдык маселелерди чечүү, кесиптик ишмердиктин компоненттерин моделдөө, кейс, ролдук оюндар ж.б.;
• чыгармачыл (илимий-иликтөөчүлүк) – маалыматтык талдоо жүргүзүү, чыгармачыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү максатында жаңы маалыматтарды алуу – рефераттарды, илимий макалаларды жана докладдарды жазуу; илимий-изилдөө иштерине катышуу, практикалык маселелерди чечүүгө багытталган долбоорлорду иштеп чыгуу; стартаптар, КВИЗ, конференцияларга, олимпиадаларга, конкурстарга катышуу, долбоорлорду, атайын чыгармачылык тапшырмаларды даярдоо.
4.4. СӨАИни уюштуруу процесси төмөнкү этаптарды камтыйт:
• даярдоо - максаттарды аныктоо, план түзүү, методикалык камсыздоону, жабдууларды ырастоо;
• негизги - программаны ишке ашыруу, маалыматты издөө, өздөштүрүү, кайра иштеп чыгуу, иштетүү ыкмаларынколдонуу, жыйынтыктарды чыгаруу, иш процессин өз алдынча уюштуруу;
• жыйынтыктоочу – маанилүүлүгүн баалоо, натыйжаларды талдоо,системалаштыруу, программанын жана колдонулган ыкмалардын натыйжалуулугун баалоо, эмгекти оптималдаштыруу багыттары боюнча корутундулар.

**4.5. Студенттердин окутуучунун катышуусу менен өз алдынча иштери жана ӨАИни пландаштыруу**:
4.5.1. Студенттердин окутуучунун катышуусу менен өз алдынча иштери жана ӨАИни пландаштыруудаар бир дисциплина боюнча тапшырмалардын бардык түрлөрүн аткаруу үчүн убакыт (мөөнөтү) илимий жактаннегизделген нормативдер“ОшМУнун ПО курамы аткарган окуу жүктөмдөрүнүн көлөмүн пландаштыруу жана эсепке алуу убакыт ченемдери жөнүндө” жобоменен аныкталат.
4.5.2. Окутуучунун катышуусу менен өз алдынча иштерине дисциплинанын кредиттерине жараша саат жүгү берилет. Аудиториялык сааттары 40%, аудиториядан тышкаркы иштер

үчүн саатары 60% болуп бөлүнөт. Студенттердин окутуучунун катышуусу менен өз алдынча иштерине берилген сааттар окутуучунун саат жүктөмүнө кирет. Аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы иштердин пайыздык бөлүштүрүлүшү “Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамы аткарган окуу жүктөмдөрүнүн көлөмүн пландаштыруу жана эсепке алуу убакыт ченемдери жөнүндө” жободо №2 жана №3 таблицада көрсөтүлгөн. Студенттердин окутуучунун катышуусу менен өз алдынча иштери кафедранын отурумунда талкууланып, кафедра башчысы тарабынан бекитилген жадыбал боюнча кабыл алынат.

4.5.3. СӨАИнин графиктери өз алдынча аткарылуучу иштердин түрлөрүн, аларды аткаруу мөөнөттөрүн, отчеттук документациялардын формаларын, натыйжаларды баалоонунтүрлөрүн өз ичине камтыйт.

4.5.4. Жекече план менен окуп жаткан студенттер үчүн СӨАИнин жекече графиги түзүлөт.

**4.6. Студенттердин окутуучунун катышуусу менен өз алдынча иштери жана ӨАИни уюштуруунун тартиби:**

4.6.1. **Университеттин окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмү**:

•Студенттердин окутуучунун катышуусу менен өз алдынча иштери жанаӨАИни уюштуруу үчүн ченемдик документтерди иштеп чыгат;

• КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин жана башка жогорку уюмдардын ченемдик документтери жана рекомендациялары жөнүндө СӨАИни уюштурууну камсыз кылган университеттин түзүмдөрүнө маалымдайт;

• өз алдынча иштөөнү уюштуруу боюнча окутуучуларга методикалык жардам көрсөтөт;

• НББП боюнча СӨАИнин окуу-методикалык жактан камсыз болушуна мониторинг жүргүзөт.

• факультеттерде студенттердинокутуучунун катышуусу менен өз алдынча иштери жана ӨАИни пландаштыруунун жана уюштуруунун сапатына баа берет.

4.6.2. **Деканат:**

• мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык, окуу планынын дисциплиналарынын циклдеринде өз алдынча иштөө үчүн аудиториялык сабактардын жана сааттардын санын, окутуучунун катышуусу менен СӨАИнин сааттарын, жалпы убакыт бюджетин аныктайт;

• тиешелүү курстардын ортосунда дисциплиналар аралык байланыштарды түзүү боюнча кафедралардын ишин координациялайт;

• студенттердин аудиториялык сабактарынын графиктеринде бир күндү көзөмөлдөнгөн өз алдынча иштөөгө бөлүп берет.

4.6.3. **Кафедра:**

• студенттердин жалпы жана кесиптик компетенцияларын калыптандырууда дисциплиналар аралык байланыштарды түзүү жана удаалаштыктардыкамсыз кылуу боюнча окутуучулардын ишмердүүлүгүн уюштурат;

• студенттердин окутуучунун катышуусу менен өз алдынча иштеринин жана ӨАИнин жадыбалдарын (AVN системасына киргизүү менен), топтук жана жеке консультацияларынын графигин түзөт;

• студенттердин окутуучунун катышуусу менен өз алдынча иштеринин жана ӨАИнин жадыбалдын негизинде өтүлүүсүнө, студенттин өз алдынча ишин уюштурууда окутуучулардын ишмердүүлүгүнө көзөмөл жүргүзөт;

• маалыматтык-китепкана фондуна окуу дисциплиналары боюнча окуу жана окуу-усулдук адабияттаргабуюртмаберет;

• жыйынтыктоочу квалификациялык иштерди аткарууда ар бир студентке илимий жетекчилерди жана консультанттарды дайындайт;

• СӨАИнинкөндүмдөрүнөнүктүрүүнүн сапатына мониторинг жүргүзөт жана аларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгат.

4.6.4. **Окутуучу**:

• студентке окутуучунун катышуусу менен өз алдынча иштөөнү жана ӨАИни уюштурууга жардам берет, өз алдынча иштөөнүн жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн калыптандырууну камсыздайт;
• окуу-методикалык комплексте чагылдырылууга тийиш болгон окуу курсу боюнча студенттердин окутуучунун катышуусу менен өз алдынча иштер жана ӨАИнин тематикалык планын иштеп чыгат;
• дисциплинаны окууда өз алдынча окуу ишин уюштуруу боюнча методикалык сунуштарды(көрсөтмөлөрдү) иштеп чыгат;
• студенттерди окутуучунун катышуусу менен өз алдынча иштерин жана ӨАИни окутуунун формалары жана методдору –аткаруунун ыкмалары же жолдору, максаттары, аткарылган өз алдынча иштин сапатын баалоо критерийлери, тиешелүү каражаттар, эмгек сыйымдуулугу, аткаруу мөөнөттөрү, өз алдынча иштөөгө мониторинг жүргүзүү формалары менен тааныштырат;
•аудиториялык сабактарда жана аудиториядантышкаркы убакта, ошондой эле on-line режиминде өз алдынча иштерди аткаруу маселелери боюнча топтук жана жекече консультацияларды өткөрөт;
• студенттердин классикалык баштапкы булактар, заманбап илимий адабияттар жана электрондук окуу ресурстары менен иштөө көндүмдөрүн өнүктүрөт;
• студенттерди заманбап маалыматтык системаларды, технологияларды жана электрондук окуу куралдарын колдонууга тартат(электрондук почта, интернет форумдар, Moodle, жыйынтыктоочу веб-порталдар, билим берүү платформалары), алар аркылуу студенттер өздөрүнүн окуу материалдарына кире алышат, окуу планын жана прогрессин көзөмөлдөй алышат;
•виртуалдык окутуу платформаларын – мисалы, Google Classroom, Moodle, Canvas же Edmodo сыяктуу платформалардыколдонуу аркылуу студенттер сабактын мазмунуна, календарларга, тапшырмаларга жана баалоолорго киришип, окутуучуларга бул платформалар аркылуу түз электрондук материалдардыжана тапшырмаларды онлайн жибере алышат;
•студенттерге ӨАИни жөнгө салуу үчүн Google Календарь сыяктуу колдонмолор аркылуу тапшырмалардын жана дедлайндардын календарын түзөт жана тапшырмаларды убагында аткарыш үчүн эскертүүлөрдү берет;
•студенттердин суроолоруна жооп берүү жана алардын пикир алмашуулары үчүн онлайн курстарга, маектерге, электрондук китептерге жана макалаларга кайрылып, кыймылдуу окуу стратегияларын камсыз кылат;
• мобилдик колдонмолор аркылуу окутууну сунуштоостуденттерге каалаган жерден жана ар кандай убакытта окуу материалдарына кирүүгө мүмкүнчүлүк берет;
• өз алдынча иштөө боюнча тапшырмаларды аткарууда студенттердин инсандар аралык байланыш көндүмдөрүнөнүктүрүүгө көмөк көрсөтөт;
•жекече өз алдынча иштөөнү гана эмес, коллективдүү ишти да уюштурат;
• студенттин өз алдынча ишин графикте белгиленген мөөнөттө тапшыруусун көзөмөлгө алат;
• СӨАИлердикабыл алат жана баалайт.

4.6.5. **Студент** жеке, чыгармачылык жана илимий мүмкүнчүлүктөрүн максималдуу пайдалануу менен окутуу программасына жанаСӨАИнинграфигине ылайык иштерди өз алдынча аткарат.

4.6.6. Тайм-менеджмент – студенттер өз убактыларын пландаштырууга жана окуу материалдарын эффективдүү бөлүштүрүүгө үйрөнүшөт.

4.6.7. Топтук же жуптук долбоорлордо иштөөдө Trello, Asana, же Monday.com сыяктуу проект башкаруу тиркемелерин пайдаланып, студенттер белгилүү бир долбоор же проблема боюнча топ менен биргеликте иш алып баруу менен кызматташтыкты өнүктүрүшөт.

4.6.8. Студенттер ӨАИни жөнгө салуу үчүн Google Календарь сыяктуу колдонмолор аркылуу түзүлгөн тапшырмалардын жана дедлайндардын убактысы боюнча иш алып барышат. Булутта сактоо сунушталат.

## 5. Студенттерди окуу-методикалык жактан камсыздоо

5.1. СӨАИни сапаттуу уюштуруу үчүнжумушчупрограммасынын түзүмүнө кошумча элементтерди киргизүү максатка ылайык:
• окуу китеби, окуу колдонмосу, окуу куралы;
• дисциплинаны (теориялык курстун материалы) үйрөнүүдө СӨАИни уюштуруу боюнча нускамалар;
• текшерүү иштеринин (анын ичинде рефераттарды, баяндамаларды ж.б.), жыйынтыктоочу квалификациялык иштерди (бакалавр жана магистр даражасы) аткаруу боюнча методикалык көрсөтмөлөр;
• практикалык иштерди аткаруу боюнча көрсөтмөлөр;
• дисциплина боюнча практикум (лабораториялык практикум), эгерде иштин бул түрү окуу планында каралса;
• глоссарийлер, маалымдамалар ж.б.
5.2. **Китепкана**:
• окуу процессин керектүү адабияттар менен камсыздайт (китепкана фондун окуу, окуу-усулдук, илимий, мезгилдүү, маалымдама жана көркөм адабияттар, электрондук ресурстар менен толуктайт);
• маалымат издөө көндүмдөрүн, маалымдама жана библиографиялык жыйнактарда, маалымат системаларында жана маалыматтар базасында навигациялоо жөндөмүн өнүктүрүү боюнча сабактарды уюштурат;
• интернет борбору менен бирге негизги маалыматтык билим берүү ресурстарына, маалыматтык базага жана интернетке кирүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.
5.3.**СӨАИни логистикалык колдоо төмөнкүлөрдү камтыйт:**
• зарыл болгон окуу кааналардын, анын ичинде тийиштүү программалык камсыздоосу бар компьютерлер менен жабдылган лабораториялардын жана лингафондук лабораториялардын, интернетке туташтырылган компьютердик кааналардын жана китепкананын окуу залдарында орундуктардын болушун;
• дисциплиналар боюнча басылмаларды жана автордук укук ээлери менен макулдашуу боюнча түзүлгөн окуу жана окуу-усулдук адабияттарын камтыган электрондук китепкана системасынын жеткиликтүүлүгүн;
• кааналарды жана илимий лабораторияларды приборлор жана техникалык жабдуулар менен камсыздалышын.

## 6. Студенттердин өз алдынча иштеринин натыйжаларын текшерүү жана баалоо

6.1. СӨАИнин жүрүшүн жана натыйжаларын текшерүү дисциплинанын окутуучусу тарабынан системалуу түрдө жүзөгө ашырылат. Жыйынтыгына баа берилет, учурдагы текшерүүдө жана окуп жаткан дисциплина боюнча модулдарда атайын упай берилет.
6.2. Текшерүүнүн түрлөрүнө оозеки суроо, жазуу иштери, техникалык каражаттарды жана маалыматтык системаларды колдонуу кирет.
6.3. СӨАИни текшерүүнүн формалары кафедра тарабынан белгиленет жана дисциплинанын окуу-методикалык комплексинде көрсөтүлөт:
• суроого оозеки жооп берүү, интервью, маалымат даярдоо, практикалык, семинардык, лабораториялык сабактардагы доклад, чыгармачылык иш, салыштырма маалыматтарды талдоо менен таблицаларды көрсөтүү, жалпылоочу моделдер, процесс диаграммалары ж.б.

• практикага багытталган дисциплиналардагы кырдаалдык маселелерди чечүү;
• өз алдынча түзүлгөн тексттер:
• өз алдынча окуган тема боюнча даярдалган конспекттер;
• өз алдынча изилдөө;
• рефераттар, рецензиялар, көрсөтмөлөр, эсселер, тапшырмалар, өзүн-өзү талдоо, долбоорлор, программалар, пландар, баяндамалар, бүтүмдөр ж.б.
• берилген текшерүү иштеринин, долбоорлордун тексттери жана аларды коргоо;
• практика боюнча отчеттор;
• изилденип жаткан тема боюнча жазуу жүзүндөгү текшерүү ишин аткаруу;
• бүтүрүү квалификациялык иштерди (магистрдик) коргоо;
• өз алдынча иштөөнүн натыйжалары боюнча илимий, илимий-популярдуу, окуу-методикалык басылмалардагы макалалар, баяндамалардын тезистери жана башка басылмалар.

6.4. СӨАИни баалоонун критерийлери окуу дисциплинасын жетектеген кафедрада иштелип чыгат. Окутуучу ар бир семестрдин башында СӨАИни көзөмөлдөөнүн кандай формалары жана ыкмалары кафедра тарабынан белгиленгендигин, тапшырмалардын сапатын баалоонун критерийлерин силлабуста көрсөтүпстудентке жеткирет.

СӨАИге баа берүүнүн критерийлери:
• иштелип чыгылган материалдын (аткарылган иштин) көлөмүнүн көрсөтүлгөнталапка ылайык келиши;
• аткаруу даражасы (бардык аспектилерин иштеп чыгуу, материалды талаптарга ылайык даярдоо, ишти текшерүүгө берүүнүн белгиленген аткаруу мөөнөттөрүн сактоо ж.б.у.с.)
• студенттердин өз алдынчалыгынын, чыгармачылык активдүүлүгүнүн, демилгесинин деңгээли;
•тапшырмаларды аткаруу процессинде жаңылык элементтеринин болушу;
• окуу материалын өздөштүрүүнүн сапаты (практикалык тапшырмаларды аткарууда студенттин теориялык билимин колдоно билүү, окуп жаткан материалды берүүнүн негиздүүлүгү жана айкындыгы ж.б.);
• камтылган маселелер боюнча студенттинкомпетенттүүлүгү.

6.5. СӨАИнин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен иштелип чыккан окуу-методикалык материалдар төмөнкү талаптарга жооп бериши керек:
• колдонулган окуу жана илимий басылмаларды көрсөтүү менен материалды өздөштүрүүнүн мөөнөттөрү, көлөмү жана сапаты боюнчасуnуштарды берет;
• өзүн өзү текшерүү үчүн суроолорду, тесттерди, контролдук тапшырмаларды, ошондой эле жазуу иштеринин тариздeлишине талаптарды камтыйт.

6.6. СӨАИнин жыйынтыгы окуу процессинин графиги менен аныкталган жумаларда чыгарылат.

6.7. Студенттерди шыктандыруу максатында өз алдынча иштөөнүн мыкты деп табылган натыйжалары кафедранын жыйналыштарында талкууланат, студенттердин илимий-практикалык конференцияларында апробацияланат,университеттин илимий, илимий-методикалык басылмаларында жарыяланат.

## 7. Корутунду жоболор

7.1. Бул Жобого киргизилген бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралат жана ОшМУнун ректору тарабынан бекитилет.

*1-тиркеме*

**Студенттердин өз алдынча иштерине бөлүнүүчү жумуш убактысынын көлөмү**

| **Студенттердин өз алдынча иштеринин көлөмү** | **Убакыттын көлөмү (саат)** | **Эскертүү** |
|---|---|---|
| **1. Лекциялык материал менен иштөө** | | |
| Лекция боюнча суроолорду түзүү | 0,5 – 1 | 1 лекция |
| Лекциянын конспетиси үсүндө иштөө | 1 | 1 лекция |
| Лекциянын конспектисин сунушталган адабияттар менен толуктоо | 2 | 1 лекция |
| **2. Адабий булактар менен иштөө** | | |
| Конспектирлөө | 2-4 | 10 бет |
| Тезис түзүү | 1-2 | |
| Аннотация | 1-2 | |
| Реферат | 6-8 | 1 реферат (20 бет) |
| Эссе | 1-2 | |
| Дил баян | 3 | |
| Глоссарий түзүү | 3 | 10 термин |
| Библиография түзүү | 3 | 10-20 булак |
| | | |
| Доклад | 3 | 10-15 мүнөт |
| Маалымат | 2 | 5-10 мүнөт |
| Текст боюнча суроо-жооп | 0,5-1 | |
| Тексттердин салыштырма анализи | 1-2 | |
| Тема боюнча цитата, афоризм табуу | 1 | 5 цитата |
| Тема боюнча макал-лакаптарды табуу | 0,5 | 5 макал-лакап |
| Адабият, диагностика, оюндар, көнүгүүлөрдү тадап алуу | 2-3 | |
| **3. Материалдын визуализациясы** | | |
| | | |
| Схема | 0,5-1 | |
| Графика | 0,5-1 | |
| Таблица | 0,5-1 | |
| Кроссворд түзүү | 2 | 30 слов |
| Картотека (цитата, музыкалыкже адабий чыгармалар, оюндар, көнүгүүлөр, адабияттар ж.б.) | 2 | 10 карточка |
| | | |
| Эстеткич | 2 | |
| Модель | 2 | |

| | | |
|---|---|---|
| Проект | 8-10 | тема, бөлүм боюнча |
| Тесттик суроолорду иштеп чыгуу | 2 | 10 суроо |
| | | |
| Плакат | 4 | |
| Газета | 3 | |
| Экспозиция | 2 | |
| Слайддык презентация даярдоо | 0,5-1 | 1 слайд |
| **4. Практикалык жана лабораториялык иштерди аткаруу** | | |
| Педагогикалык кырдалдарды чечүү | 0,5 | |
| Маселе жана көнүгүүлөрдү аткаруу | 0,5 | |
| Эсеп-графикалык иштерди аткаруу | 2-3 | |
| Үлгүнүн негизинде вариативдик тапшырмаларды даярдоо жана | 0,5-1 | 1 тапшырма |
| План, конспектилер, сунуштамалар, жоболор ж.б. түзүү | 2-4 | |
| Сабактын фрагменттерин, класстан тышкаркы иштерди ж.б.өткөрүүгө даярдоо | 2 | |
| Сабакты, класстан тышкаркы иштерди, жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү,музыкалык жана көркөм чыгармалар ж.б. талдоо | 1 | |
| **5. Студенттин окуу ишмердиги** | | |
| Уй тапшырмаларды даярдоо (УТ) | 1 | |
| Аралык текшерүүгө даярдануу (АТ) | 4 | |
| Аралык аттестацияга даярдануу (АА) | 10 | |
| **6. Илимий изилдөө методдорун апробациялоо** | | |
| Сурамжылоо (анкетирлөө, ангемелешүү, интервью) | 4 | |
| Проект | 4-10 | |
| Байкоо | 2 | |
| Эксперимент | 2 | |
| Тестирлөө | 2 | |

*2-тиркеме*

**СӨАИни уюштуруунун графиги**

| № | Тема | СӨАИнин тапшырмасы | Сааты | Баалоо каражаттары | Баллы | Адабияттар | Тапшыруу мөөнөтү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | ... | | | | | | |
| 2. | ... | | | | | | |

*3-тиркеме*

**СӨАИни уюштуруунун макети**

<table>
<tr><td colspan="3">Кафедранын аталышы</td></tr>
<tr><td>Окуу ишинин түрү</td><td colspan="2">Студенттин өз алдынча иштөө</td></tr>
<tr><td>Адистиги/багыты</td><td colspan="2"></td></tr>
<tr><td>Дисциплинасы</td><td colspan="2"></td></tr>
<tr><td>Окутуучу</td><td colspan="2"></td></tr>
<tr><td>Темасы</td><td colspan="2"></td></tr>
<tr><td>Баалоо каражаты</td><td colspan="2">Мисалы, долбоор</td></tr>
<tr><td colspan="2">СӨАИнин окутуу натыйжасы</td><td>Калыптандыруучу компетенциялар</td></tr>
<tr><td colspan="2"></td><td></td></tr>
<tr><td colspan="2"></td><td></td></tr>
<tr><td>СӨАИни тапшырмасын алган күнү</td><td>СӨАИни биринчи текшерүүдөн өткөн күнү</td><td>дата</td></tr>
<tr><td>дата</td><td>СӨАИни иштеп тапшырган күнү</td><td>дата</td></tr>
<tr><td colspan="3">Иштин баскычтары:</td></tr>
<tr><td colspan="3">1-кадам. Даярдоо баскычы</td></tr>
<tr><td colspan="3">2-кадам. Негизги этап</td></tr>
<tr><td colspan="3"></td></tr>
<tr><td colspan="3">3-кадам. Жыйынтыктоочу этап</td></tr>
</table>

| | |
|---|---|
| | |
| **Баалоонун критерийлери(10упай)** | |
| **Упайлары** | **Көрсөткүчтөрү** |
| 0-2 | |
| 0-3 | |
| 0-3 | |
| 0-2 | |

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

1. Окуу иштери боюнча проректор : Омуров Н.К.
2. Санариптик трансформациялоо жана электрондук билим берүү боюнча проректор: Молдояров У.Д.
3. Орто кесиптик билим берүү департаментинин директору: Мамажакып уулу Ч.
4. Академиялык иштер башкармалыгынын начальниги: Манашов М.Э.
5. Укук иштери боюнча бөлүм башчы: Айдарбекова Ж.А.